**Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын 25 млн. АКШ доллары суммасындагы Каржылоо келишиминин “Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар” долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

**1. Долбоордун максаты жана милдеттери**

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын 25 млн. АКШ доллары суммасындагы “Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар Каржылоо келишиминин” долбоорунун максаты изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу жана эмгек рыногунун талаптарынын жогорку билим берүү программаларында шайкештигин жогорулатуу болуп саналат.

**2. Баяндоочу бөлүк**

“Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар” Каржылоо келишиминин долбоору (мындан ары - Долбоор) жогорку кесиптик билим берүү системасында окутуунун жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келүүсүн жогорулатууга багытталган.

Долбоор өзгөчө макамы бар беш университетте өнөр жай/бизнес менен өнөктөштүккө, натыйжаларды коммерциялаштырууга жана академиялык программалардын сапатын жана эмгек рыногунун муктаждыктарына ылайыктуулугун күчөтүүгө басым жасоо менен сапаттуу жана практикада колдонуучу изилдөөлөрдөгү потенциалды күчөтүүнү пландаштырууда.

Долбоор негизги экономикалык мааниге ээ жана улуттук артыкчылыктуу багыттарда университеттер аралык беш илимий борборду түзүүгө колдоо көрсөтөт. Ошондой эле, жаңы окуу программаларын түзүү жана учурдагы окуу программаларын өркүндөтүүнү колдойт.

Долбоор КР Президентинин “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын максаттарын колдойт.

Жарлыктын максаты болуп финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарды консолидациялоо, билим берүү кызматтарынын дүйнөлүк рыногунда Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу саналат.

Жарлык менен Кыргыз Республикасынын төмөнкү мамлекеттик жогорку окуу жайларына кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономия берүүнү караган өзгөчө статус берилет:

- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети;
- И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети;
- К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети;
- И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы;
- Ош мамлекеттик университети”.

Ошондой эле, болжолдонуп жаткан долбоорду ишке ашыруу тармактык программалардын жана стратегиялардын максаттарына жетүүгө өбөлгө түзөөрүн белгилей кетүү зарыл:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 “2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтомунун 4-пункту жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүү деңгээлинде төмөнкү пункттарды жоюуну пландаштырылууда:

- “кетип бара жаткан” ресурсту талап кылган экономика үчүн эскирген адистиктер боюнча кадрларды даярдоо;

- окутуунун эскирген ыкмалары, окутуучулардын инновацияларды кабыл алуусунун төмөнкү чеги, бул эмгек рыногунун талаптарына жана коомдун суроо-талаптарына жооп бербеген билим берүүнүн сапатына терс таасирин тийгизүүдө;

- жогорку билим берүүнүн коррупцияланышы, бул билим берүүнүн баалуулугун жогорку билим жөнүндө дипломдун баалуулугу менен алмаштырууга алып келди;

- ЖОЖдордун ишинде илимдин начар болушу жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугунун төмөндүгү. Илимге бөлүнгөн каражаттын көлөмү ИДПнын 0,08% түзөт;

- ЖОЖдордун эскирген материалдык-техникалык базасы заманбап технологиялардын өнүгүү темпине ылайык келбейт;

- ЖОЖдордун автономиясынын жетишсиздиги, анын ичинде билим берүүнүн мазмуну жана башкаруу маселелеринде ЖОЖдор өзгөрүп жаткан шарттарга ыкчам реакция кылууга мүмкүндүк бербейт”.

Бул келишимдин долбоору 4-компоненттен турат.

**1-компонент. Тандалган ЖОЖдордо изилдөөлөрдүн жана инновациялардын жана окуу программаларынын сапатын жана шайкештигин жогорулатуу (19,7 млн АКШ доллары).**

Компоненттин максаты өндүрүш/бизнес менен өнөктөштүккө, натыйжаларды коммерциялаштырууга жана өзгөчө статуска ээ болгон беш университеттеги академиялык программалардын сапатын жана эмгек рыногунун муктаждыктарын канааттандырууга багытталган сапаттуу жана колдонмо изилдөөлөрдө потенциалды жогорулатуу.

Долбоор а. экономика жана улуттук артыкчылыктар үчүн чоң мааниге ээ тармактарда бешке чейин университеттер аралык изилдөө борборлорун түзүүнү, б. жаңы академиялык окуу программаларын түзүүнү жана өркүндөтүүнү колдойт.

*Бул компоненттин алкагында жогоруда аталган беш жогорку окуу жай менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ортосундагы Субкредиттик макулдашуунун алкагында насыя каражаттарын кайтаруу шартында жүргүзүлөт.*

| № | Жабдуулардын аталышы | Суммасы (АКШ |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| | | **доллары)** |
| **И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | | |
| 1 | Биохимиялык изилдөө, генетика жана молекулярдык биология лабораториялык жабдуулар | 1 300 000 |
| 2 | Патоморфологиялык изилдөө лабораториясынын жабдуулары | 900 000 |
| 3 | Фармацефтик препараттардын биоэквиваленттүүлүгүн изилдөө лабораториясы үчүн жабдуулар | 800 000 |
| 4 | Жаңы жана кеңейтилген билим берүү программалары үчүн лабораториялык жабдуулар, МТ-жабдуулар жана программалык камсыздоо | 1 000 000 |
| | | **4 000 000** |
| **И. Раззаков атындагы мамлекеттик техникалык университети** | | |
| 1 | Лабораториялык аппараттык, программалык камсыздоо | 1 200 000 |
| 2 | Кибер коопсуздук лабораториясы үчүн жабдуулар жана программалык камсыздоо | 500 000 |
| 3 | Аппараттык жана программалык камсыздоо, техникалык жана өнөр жай техникасынын | 500 000 |
| 4 | МТ-жаңы жана өркүндөтүлгөн билим берүү программалары үчүн жабдыктар жана программалар | 1000 000 |
| | | **3 200 000** |
| **Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети** | | |
| 1 | Окуу лабораторияларын күчөтүү үчүн илимий, КТБ жабдуулар, программалык камсыздоо | 1 700 000 |
| 2 | Лабораториялык жабдуулар, жаңы жана өнүккөн билим берүү программалары үчүн МТ жабдуулар жана программалык камсыздоо | 1 500 000 |
| | | **3 200 000** |
| **Ош мамлекеттик университети** | | |
| 1 | Сүт бездерин текшерүүчү УЗИ аппараты | 300 000 |
| 2 | МРТ Аппараты | 1 500 000 |
| 3 | Жаңы жана өркүндөтүлгөн билим берүү программалары үчүн лабораториялык жабдуулар, МТ жабдуулары жана программалык камсыздоо | 1 000 000 |
| | | **2 800 000** |
| **К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети** | | |
| 1 | Жаныбарлардын жугуштуу ооруларын аныктоочу лабораториялык жабдуулар | 800 000 |
| 2 | Молекулярдык-генетикалык жабдуулар | 1 200 000 |
| 3 | Гистология жана иммуногистохимия лабораториясы үчүн жабдуулар | 550 000 |
| 4 | Ветеринардык-санитардык экспертиза жана жазуу коопсуздугу бөлүмү үчүн жабдуулар | 400 000 |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Жаңы жана өркүндөтүлгөн билим берүү программалары үчүн лабораториялык жабдуулар, МТ жабдыктары жана программалык камсыздоо | 800 000 |
| | | **3 7500 000** |
| | **Бардыгы (жождор үчүн жабдуулар)** | **17 050 000** |
| | Жогорку билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасын бекемдөө үчүн жабдуулар жана материалдар | **1 000 000** |
| | Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн компьютердик жабдуулар жана эмеректер | **50 000** |
| | **Жалпысынан** | **18 000 000** |

**2-компонент: Университеттерде илимий изилдөө жана инновация үчүн потенциалды түзүү. (4 млн АКШ доллары)**

Изилдөөлөр жана инновациялар конкурстук каржылоо механизми аркылуу изилдөө гранттарын берүү менен стимулдаштырылат. Долбоордун алкагында Инновациялык фонд (ИФ) түзүлөт, ал аркылуу ачык-айкын, отчеттуу конкурстук негизде ЖОЖдорго илимий изилдөөлөргө гранттар берилет.

**3-компонент. Сапатты камсыз кылуу үчүн жогорку билим берүү системасын башкарууну күчөтүү. (0,5 млн АКШ доллары)**

Максаты - сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо системаларын өркүндөтүү аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу. Бул подкомпонент институттарды жана программаларды тышкы аккредитациялоо жана кайра аккредитациялоо жол-жоболорун жана системаларын, ошондой эле ЖОЖдордо сапатты камсыз кылуу боюнча ички өзүн-өзү баалоо жол-жоболорун жана системаларын өркүндөтүүгө багытталат:

1. Академиялык программалардын актуалдуулугун жана изилдөө аракеттеринин натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн университеттерде, аккредитациялык агенттиктерде жана өкмөттө ишке ашырылышы керек болгон акыркы натыйжаларга (outcome-based) негизделген объективдүү көрсөткүчтөрдү киргизүү – 100 000 АКШ доллары;
2. ЖОЖдордо санариптик технологиялардын негизинде окутууну баалоо жол-жоболорун иштеп чыгуу - 150 000 АКШ доллары;
3. ЖОЖдорду дифференцияланган профилдерине/күчтүү жактарына жараша баалоо критерийлерин белгилөө – 100 000 АКШ доллары;
4. Бир жагынан ички өзүн-өзү баалоону камсыз кылуу боюнча ЖОЖдордун ички түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, экинчи жагынан аккредитациялык агенттиктердин ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо, ЖОЖдордун алкагында өзүн-өзү баалоо боюнча отчетторду даярдоо - 50 000 АКШ доллары.
5. Студенттер, окутуучулар, кызматкерлер, окуу программалары, изилдөөлөр, жумушка орношуу, курстун сунуштары жана окутуунун натыйжалары жөнүндө сандык жана сапаттык маалыматтарды чогултуу, талдоо

жана берүү процессинин негизинде университеттин рейтингдер системасын өркүндөтүү – 100 000 АКШ доллары.

**4-компонент. Долбоорду башкарууну, мониторингдөөнү жана баалоону колдоо (0,8 млн. АКШ доллары)**

Компонент бенефициарлар менен мезгил-мезгили менен кайтарым байланышты жана (а) долбоор изилдөө борборлору менен университеттердин ортосундагы кызматташтыкты кеңейтүүгө кантип алып келгенин; (б) ресурстарды пайдалануунун жеткиликтүүлүк жана натыйжалуулук даражасын, изилдөөлөрдүн жана инновациялардын өндүрүмдүүлүгүн жана (в) адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра квалификациялоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана (г) жогорку билимди бекемдөө максатында көбөйтүү үчүн моделдерди, (д) долбоордун эмгек рыногу үчүн актуалдуулугун жана (е) сапатты кепилдөөнү бекемдөөгө жана жогорку билим берүү системасын башкарууга долбоордун салымын түшүнүү үчүн баалоочу иш-чараларды каржылайт.

Долбоордун түздөн-түз бенефициарларына 5 АТБдагы студенттер, профессорлор, изилдөөчүлөр, болочок абитуриенттер кирет;

Долбоордун болжолдуу пайда алуучулары 160 000 студент болот;

Мамлекеттик органдар жана жеке / тармактык компаниялардын кызматкерлери.

Бул долбоордун аткаруучу агенттиги Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги болот.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Бул Каржылоо келишиминин долбооруна кол коюуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат (зарыл болгон учурда)**

Долбоор ченемдик укуктук акт болуп саналбайт, ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык коомдук талкууга алынбайт.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө талдоо**

Сунушталган Каржылоо келишиминин долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жана булактары жөнүндө маалымат**

Долбоордун жалпы наркы: 25 млн. АКШ доллары (100% насыя).

Насыялоо шарттары: насыялоонун жалпы мөөнөтү 50 жыл, төлөө мөөнөтү 10 жылга жылдырылат. Тандалбаган каржылоо балансын сактоо үчүн 0,5%.

Долбоордун бардык иш-чаралары долбоордун каражаттарынын эсебинен каржыланат. Бюджеттен кошо каржылоо каралган эмес.

1-компоненттин алкагында беш жождорду каржылоо 19,7 млн. АКШ доллары Кыргыз Республикасынын беш статустуу жогорку окуу жайы менен Финансы министрлигинин ортосундагы суб-кредиттик келишимдин алкагында насыя каражаттарын кайтаруу шарттарында болот.

Калган кредиттик каражаттарды тындыруу (5,3 млн.АКШ доллары) республикалык бюджеттен финансылык каражаттарды тартуу менен ушул Макулдашуунун шарттарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Долбоор боюнча пайыздык чен 0% барабар.

**7. Жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүү жөнүндө маалымат (зарыл болгон учурда)**

Сунушталган Каржылоо келишиминин долбоору жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ал ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**